ДУХОВНОЕ СОБРАНИЕ МУСУЛЬМАН РОССИИ

«РОСМИГРАНТ»
мигранттарды толук кандуу ыңгайлаштыруу жана алакалаштыруу борбору

# ЭМГЕК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРТМЕ

www.росмигрант.рф
www.rosmigrant.ru
*Ыкчам байланыш телефону*
*8 800 550 32 03*

***Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жарандары Россия Федерациясында кантип мыйзамдуу иштей алышат?***

- РФда мыйзамдуу түрдө кантип иштөө керек?
- Бул үчүн кандай документтер талап кылынат?
- Аларды кантип алууга болот?

Россия Федерациясына Казакстан жана Кыргызстандан иштөө үчүн келген жарандарга Россия Федерациясынын аймагында иштөө үчүн патенттин же башка уруксаттын кереги жок. Алар өз ишмердүүлүгүн жөн гана жумуш берүүчү менен түзүлгөн эмгек келишиминин (12 айдан ашпаган мөөнөткө түзүлгөн) негизинде жүргүзүшөт. Бирок эмгек ишмердүүлүгү үчүн Россия Федерациясынын аймагында ИНН жана СНИЛС алуу керек болот (кененирээк чечмелөө, ошондой эле бул документтердин максаты жана аларды алуу тартиби төмөндө баяндалган).

Россия Федерациясына иштегени келген Өзбекстан жана Тажикстан жарандары патент алышы керек (1-сүрөт). Ошондой эле жумуш үчүн Сизге СНИЛС (2-сүрөт) жана ИНН (3-сүрөт) алуу керек болот.




*1-сүрөт. – Патент*




*2-сүрөт. СНИЛС*


Федеральная налоговая служба
СВИДЕТЕЛЬСТВО

3- сүрөт. Патент

### *Патент деген эмне жана аны кантип алуу керек?*

***ПАТЕНТ*** – бул Россия Федерациясынын аймагында иштөөгө укук берген документ.

***ПАТЕНТ*** ФМКБнын аймактык бөлүму тарабынан (Федералдык миграция кызматынын башкармалыгы) чет өлкөлүккө катталган жери боюнча берилет.

### *Россия Федерациясында иштөө үчүн патент алууда кандай документтер зарыл?*

Патент алууда Тажикстан менен Өзбекстандын жарандары үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- Патент алуу үчүн медициналык кароодон өтүү;
- Орус тили, Россиянын тарыхы жана мыйзамдарын билүү тестинен өтүү;
- Россия Федерациясында иштеген мезгилдин ичинде ЫМК полисин алуу (Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу (ОМС) – Келишим же полис);
- Патентке бир айлык жеке киреше (НДФЛ) салыгын төлөп берүү;
- Паспортуңуздун орус тилине нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосун жасоо;
- Жумушка патент алууга арыз толтутуу (ФМКБдан алынган атайын белгиленген формадагы бланкта);
- Сүрөткө түшүү;
- Салык төлөөчү катары катталып, ИНН алуу;
- Манжа изинин экспертизасынан өтүү (патент берилген учурда – түздөн-түз ФМК башкармалыгында);

Ошентип, Россия Федерациясынын аймагына келген учурдан тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен, Тажикстандын жана Өзбекстандын жарандары

(эмгек мигранттары) ФМКБдин аймактык бөлүмүнө жумушка патент берүү жөнүндө арыз менен кайрылышы керек. Төмөнкү документтерди көрсөтүү керек:

- Патент алууга арыз, толтурулган жана кол коюлган түрүндө;
- Паспорттун орус тилине нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу;
- Чет элдик жарандын убактылуу каттоосунун көчүрмөсү, текшерүү үчүн түп нускасын көрсөтүү;
- Чек арадан өткөндө алынган чет элдик миграциялык картанын көчүрмөсү, келүү максаты – «иштөө» белгиси менен, текшерүү үчүн түп нускасын көрсөтүү;
- Маалымдамалар – өзгөчө кооптуу оорулардын жоктугу жөнүндө медициналык кароодон өтүүнүн жыйынтыгы;
- Келишимдин же өз эрки менен медициналык камсыздандыруу (ДМС) полисинин көчүрмөсү – текшерүү үчүн түп нускасын көрсөтүү;
- 30мм * 40мм түрүндөгү эки сүрөт;
- Орус тили, Россиянын тарыхы жана мыйзамдарды билүү боюнча тестирлөөдөн ийгиликтүү өткөндүгү жөнүндө күбөлүк;
- Салык төлөөчү катары катталгандыгы жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (ИНН), текшерүү үчүн түп нускасын көрсөтүү.

Документтер тапшырылган күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде ФМКБ Патент берүүнү ишке ашырат.

Патент алгандан кийин жеке киреше салыгын төлөгөндүгүн тастыктаган документти – НДФЛ (квитанциянын көчүрмөсү, текшерүү үчүн түп нускасы) алуу, манжа издеринен өткөрүүдөн өтүү керек (түздөн түз ФМКнын башкармалыгында).

Патент 1 жылга чейинки мөөнөткө берилет, патентти жаңыртуу үчүн, документтерди алдын ала (жарактуу патенттин мөөнөтү аяктаганга чейин кеминде 1 ай мурун) берген шартта, дагы 1 жылга узартуу (өлкөдөн чыкпастан) укугу берилет.

### ***ИННди кантип жана кайда алса болот? Бул эмне үчүн керек?***

ИНН жумушчулар үчүн жумуш берүүчү тарабынан жүргүзүлгөн бардык милдеттүү салык төлөмдөрүн жана чегерүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн керек. Россия Федерациясынын аймагында өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө чет өлкөлүк жаран киреше (эмгек акы) алгандыктан, Россия Федерациясынын аймагындагы жеке адамдардын киреше салыгын (НДФЛ) төлөө милдеттенмеси келип чыгат. Салыкты төлөө, салык органында ИНН (салык төлөөчүнүн идентификациялык номери) менен каттоосуз, мүмкүн эмес.

ИНН алуу үчүн, паспорттун түп нускасы жана каттоосу менен аймактык салык органына – ФСКга (Федералдык салык кызматы) кайрылып, салык органы берген формага ылайык, Анкетаны толтурушуңуз керек.

Чет элдик жаран тарабынан ИНН алуу фактысы жеке жактын (чет өлкөлүк жарандын) салык органында катталгандыгы жөнүндө күбөлүк берүүсү менен тастыкталат (3-сүрөт).

### ***СНИЛСти кантип жана кайдан алуу керек? Бул эмне үчүн керек?***

***СНИЛС*** – орусиялык пенсиялык камсыздандыруу тутумуна кошулган учурда адамга берилүүчү өз алдынча жеке эсептин камсыздандыруу номерин билдирген аббревиатура.

Чет элдик жаранга СНИЛС алуу үчүн мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу тутумунда катталуу керек.

СНИЛС жумуш берүүчүгө Россия Федерациясынын Пенсиялык Фондусуна чет өлкөлүк кызматкерлер үчүн отчетторду берүү, ошондой эле пенсиялык жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө үчүн зарыл.

Өз алдынча камсыздандыруу күбөлүгүн алуу үчүн, чет элдик жаран убактылуу же туруктуу жашаган жери боюнча Пенсиялык фонддун кызматына кайрылышы керек.
СНИЛСти тариздөө үчүн үчүн паспортту, каттоо баракчасын көрсөтүп, фонд тарабынан берилген анкетаны толтуруу керек. Ошондой эле Сизден документ – Россия Федерациясында жүрүүнүн негизин (патент же эмгек келишими) көрсөтүүнү сурашы мүмкүн.

Көрсөтүлгөн СНИЛС (2-сүрөт) мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруунун камсыздандыруу күбөлүгү чет өлкөлүк жаранга (каттоодон өткөндөн кийин – ошол эле күнү, кайрылган күнү) Пенсиялык фонддун кызматкерлери тарабынан берилет. СНИЛС чет элдик жарандын жеке өзүнө берилет.

*МААНИЛҮҮ!*
Эмгек үлгүлүк өлчөмдөрүн, ошондой эле Россия Федерациясына иштөөгө чет өлкөлүк жарандарды тартуу эрежелерин бузгандыгы үчүн, Россия Федерациясынын Административдик кодексинде (Россия Федерациясынын Административдик Укук Бузуу Кодекси) төмөнкүдөй жоопкерчилик түрлөрү каралган:
Чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды Россия Федерациясында иштөөгө тартуу, эгерде бул чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам иштөөгө уруксаты же патентти жок болсо, эгерде мындай уруксат же патент федералдык мыйзамга ылайык талап кылынса, же чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды кесиби боюнча (адистиги, кызматы, эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү) ишке тартуу, эгерде иштөөгө уруксатта же патентте кесип (адистик, кызмат орду, эмгек ишмердигинин түрү) жөнүндө маалыматтар болсо, же ушул чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды иштөөгө уруксат, патент же убактылуу жашоого уруксат берилген Россия Федерациясынын аймагынын чегинен тышкары жерде чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды ишке тартуу административдик айып салууга алып келет:

- ***жарандар үчүн*** эки миңден беш миң рублга чейин;
- ***кызматтагы адамдар үчүн*** — жыйырма беш миңден элүү миң рублга чейин;
- ***юридикалык жактар үчүн*** — эки жүз элүү миңден сегиз жүз миң рублга чейин же он төрт күндөн токсон күнгө чейинки мөөнөткө иш-аракеттерди административдик токтотуу.

***Патент алуу үчүн документтерди тапшыруу мөөнөтү.***

***Патент алуу үчүн документтерди тапшыруу мөөнөтү кандай болот?***
Сиз Россияга кирген күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде патент алуу үчүн арыз беришиңиз керек.
Эгерде мен Россия Федерациясына киргенден бери 30 күндөн ашык убакыт өтсө, мен кантип патент алууга арыз бере алам?
Патент алуу үчүн кайрылсаңыз болот, бирок арыз берүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн административдик жазапул төлөөгө туура келет. Жазапулунун суммасы 10 000ден 15 000 рублга чейин.

***Когда необходимо устроиться на работу после получения патента***

***Патент алгандан кийин канча убакыттан кийин жумушка орношушум керек?***

Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык, Сиз патент алгандан кийин эки айдын ичинде жумушка орношушуңуз керек. Бул убакыт аралыгында жумуш берүүчү менен иш аткаруу / кызмат көрсөтүү үчүн эмгек келишими же жарандык-укуктук келишим түзүп, анын көчүрмөсүн Миграция кызматына (Москва, Москва облусту) өткөрүп берүү керек.

Эмгек келишиминин көчүрмөсүн Миграция кызматына кантип жөнөтсө болот?

Сиз эмгек келишиминин көчүрмөсүн бере аласыз:

• жеке өзүңүз, патент берген ички иштер чөйрөсүндөгү федералдык аткаруу органынын аймактык органына барганда;

• патент берген Миграция кызматына кайтарылган билдирүү менен катталган почталык жөнөтүү аркылуу.

***Эки айдын ичинде эмгек келишиминин көчүрмөсүн тапшыра албасам, эмне болот?***

Мындай учурда, Сиздин патент жокко чыгарылышы мүмкүн. Патенттин жокко чыгарылышы Россия Федерациясынын аймагында эмгекке орношуу укугунан ажыратууну билдирет жана эмгек келишимин бузуу үчүн негиз болуп саналат. Жаңы патенттик өтүнмө мурунку патент жокко чыгарылгандан бир жылдан кийин гана берилиши мүмкүн.

***Эмгек патенти менен кайда иштесе болот?***

***Мен РФда иштегим келет. Мага патент керекпи?***

Сиздин Россия Федерациясынын аймагында жашаган жериңизде убактылуу жашоого уруксатыңыз барбы (мындан ары - УЖУ)?

***Ооба.***

Сизге Россия Федерациясынын аймагында иштөө үчүн патент алуунун кажети жок, бирок эмгек ишмердүүлүгүн УЖУ берилген аймакта гана жүргүзө аласыз.

***Жок.***

Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык, Россия Федерациясына визасыз келип, Россияда эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан ар бир чет элдик жаран жумушка патент алышы керек.

***Патент алгандан кийин кайда иштесем болот?***

Сиз патент алган аймакта жеке жана юридикалык жактар тартуулаган жумушка орношо аласыз.

***Бир аймактан патент алып, башка аймактан жумуш тапсамчы?***

Сиздин жумушуңуз боло турган аймакка жаңы патент алышыңыз керек.

***Как продлевать патент на работу***

***Жумушка патентти кантип узартууга болот?***

Патентти узартуу үчүн, анын жарактуулук мөөнөтү аяктаганга чейин кеминде 10 жумушчу күн (болжол менен 20–30 күн) мурун Ички иштер министрлигинин Миграция маселелери боюнча Башкы башкармалыгына (ММББ) (Москва, Москва обл.) кайрылып, төмөнкү документтерди тапшыруу керек:

• Патентти узартуу жөнүндө арыз;

• Өздүгүн тастыктаган документ;

• Россия Федерациясына кирүүнүн максаты катары жумушту көрсөткөн миграциялык карта;

• Кирешеге салыкты туруктуу аванс түрүндө төлөгөндүгүн тастыктаган документтер;

• Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу келишими (полис);

• Башкаларга коркунуч келтирүүчү оорулардын Тизмесине кирген баңгиликтин жана жугуштуу оорулардын жоктугун тастыктаган документтер;

• Орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россиянын мыйзамдарынын негиздерин билгендигин тастыктаган документ;

• Патентти узартуу жөнүндө жумуш берүүчүнүн кайрылуусу;

• Жумушту аткаруу же кызмат көрсөтүү үчүн эмгек келишими же жарандык-укуктук келишим (кесипкөйлүк ишмердүүлүгү мамлекеттик каттоодон жана / же лицензияланууга тийиш болгон адамдар үчүн).

***Мага качан мөөнөтү узартылган патент берилет?***

Сиз өтүнмө берилген күндөн тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирбестен, кайрадан чыгарылган патентти же аны чыгаруудан баш тартуу жөнүндө билдирүү ала аласыз.

***Патентимди канча убакытка чейин узарта алам?***

Патентти 1 айдан 12 айга чейин узартсаңыз болот.

***Мага патентти узартуудан баш тартылса, кайрадан узартуу үчүн документтерди тапшырсам болобу?***

Патентти кайра берүүдөн баш тартылган күндөн тартып 1 жылдан кийин кайрыла аласыз.

***Патентти жаңыртуу үчүн качан жана кайда кайрылуу керек?***

***Когда и куда я должен обратиться за переоформлением патента?***

Патентти Сиз патент берген ички иштер чөйрөсүндөгү федералдык аткаруу бийлигинин аймактык органында узартсаңыз болот. Бул патент берилген күндөн тартып 12 ай өткөнгө чейин 10 жумушчу күндөн кечиктирилбестен жасалышы керек.

Москва шаарында патентти кайрадан тариздөө үчүн, «Миграция борбору» Мамлекеттик бюджеттик мекемесине (Москва шаары, Москва облусту) кайрылсаңыз болот, муну патентте көрсөтүлгөн берилген күндөн тартып 12 ай өткөнгө чейин 20 жумушчу күндөн кечиктирбестен жасоону сунуштайбыз. Себеби Миграция борборунун кызматкерлери медициналык текшерүүнүн жыйынтыгын күтүп, Россиянын Ички иштер министрлигинин Башкы башкармалыгынын Москва шаары боюнча Миграция маселелери боюнча Башкы башкармалыгына өткөрүп берүү үчүн документтердин топтомун түзүшү керек.

***Патентти кайра тариздөө үчүн канча убакыт талап кылынат?***

Сизге өтүнмө берилген күндөн тартып 10 иш күндөн кечиктирбестен, кайрадан чыгарылган патент же аны чыгаруудан баш тартуу жөнүндө билдирүү келет.

***Кайра берилген патенттин мөөнөтү качанга чейин болот?***

Патент 1 айдан 12 айга чейин узартылат.

***Москва шаарында иштөө үчүн берилген патенттин Москва облусунда иштөө патентин алуу үчүн кайрадан тариздөө.***

***Москвада иштегенге патентим бар. Москва районунда иштөө үчүн патент алуу боюнча аны кайрадан тариздөөгө болобу?***

***Жок,*** патентти кайрадан берүү мүмкүн эмес. Москва облусунда иштөө үчүн жаңы патент алышыңыз керек.

***Москва облусунда иштөө үчүн патентти кайдан алсам болот?***

Патентти каттоо жана берүү Москва облусунун Бирдиктүү миграция борборунда, Москва областы, Красногорск району, Путилково а., Москва айланма жолунун (МКАД) 69 км, БП «Гринвуд», 5 жана 6 имараттар дарегинде жүргүзүлөт.

***Москвада миграция каттоосу менен Москва облусунда иштөө үчүн патент алсам болобу?***

***Ооба***, Сиз Москва облусунун Бирдиктүү миграция борборуна патент алуу үчүн, Москвадагы миграциялык каттооңуз менен кайрылсаңыз болот. Бул учурда Сиз Москва районунда гана иштей аласыз.

***Патент үчүн төлөнгөн жеке киреше салыгын (НДФЛ) /авансты кайтаруу***

***Патенттик киреше салыгын (НДФЛ) / Аванстык төлөмдү кантип кайтарып алсам болот?***

Жеке киреше салыгын (НДФЛ) / алдын ала төлөөнү кайтарып берүү үчүн, турган жериңиз боюнча аймактык салык кызматына кайрылыңыз же Россиянын Федералдык салык кызматынын байланыш борборунун акысыз номерине ***8-800-222-2222*** чалыңыз.

***Расмий түрдө иштейсизби?***

***Ооба.***

Жеке киреше салыгын / аванстык төлөмдү кайтарууну өзүңүз өз алдынча же жумуш берүүчү аркылуу тариздеп алгыңыз келеби?

***Өз алдынча***

Төлөмдү кайтарып берүү үчүн, төмөнкүдөй документтер талап кылынат:

- Кайрадан кайтаруу жөнүндө арыз;
- 3–НДФЛ салык декларациясы;
- 2–НДФЛ маалымкаты;
- Патент үчүн ай сайын аванс төлөгөндүгүн тастыктаган документтер.

***Иш берүүчү аркылуу***

Сиздин жумуш берүүчүңүз милдеттүү:

- Жеке киреше салыгын (НДФЛ) кайтарып берүү жөнүндө арыз толтуруп, Федералдык салык кызматына (ФСК) жөнөтүү;
- Федералдык салык кызматына тапшыруу:
- Сиздин патентти төлөө квитанцияларынын көчүрмөлөрү;
- 3–НДФЛ маалымкаты.

10 күндөн кийин, Сиздин иш берүүчүгө жеке киреше салыгын кайтарып берүү укугу жөнүндө эскертүү берилет. Анын негизинде ал Сиздин кирешеңизден киреше салыгын кармайт жана которот.

***Жок.***

Патент үчүн төлөнгөн жеке киреше салыгын / аванстык төлөмдү кайтарып берүү расмий жумуш менен гана мүмкүн.

***Жеке киреше салыгын канча суммага кайтарып алууга болот?***

Сиз жеке киреше салыгын кайтарып алууну патент боюнча ай сайын төлөгөн авансыңыздан ашпаган өлчөмдө жүргүзө аласыз. Жалпы кайтарым суммасы сиздин кирешеңизге жараша болот. Ар кайсы аймактарда аванстык төлөмдүн өлчөмү ар башка, андыктан жеке киреше салыгын кайтарып берүү ар кандай өлчөмдө жүргүзүлөт. Так сумманы Сиз жашаган жериңиздеги аймактык салык кызматына кайрылып, же Россиянын Федералдык салык кызматынын байланыш борборунун акысыз номерине чалып, ***8-800-222-2222*** билип алсаңыз болот.

***Москвада берилген жумушка патенттин негизинде башка аймактарда иштөөгө болобу?***

***Я получил патент в Москве. Могу ли я устроиться на работу в другом регионе?***

***Жок,*** Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык, Сиз патент берилген аймакта гана өз ишмердүүлүгүңүздү жүргүзө аласыз.

***Патент Москвада берилсе, бирок мен башка аймакта жумуш тапсам, кандай кылышым керек?***

Жумушка орношо турган аймакта жаңы патентке өтүнмө бериш керек.

***Патент жоголсо эмне кылуу керек?***

***Что делать, если я потерял/иным способом утратил патент на работу на территории РФ?***

Патенттин дубликатын алуу үчүн («П» зонасында) Миграция борборуна (Москва, Москва облусту) мүмкүн болушунча эртерээк кайрылуу керек.

Сиз төмөнкү документтерди көрсөтүшүңүз керек:

- Патенттин дубликатын алууга арыз;

• Паспорт же жекеликти тастыктаган башка документ;

• «Россия Федерациясына кирүү максаты» графасында «Жумуш» деп белгиленген миграциялык карта;

• Патенттин төлөнгөндүгүн тастыктаган бардык квитанциялар.

***Патенттин дубликатын алууга качан кайрылышым керек?***

Патент үчүн акыркы акы төлөнүүчү күн аяктаганга чейин Федералдык миграция кызматына (ФМК) кайрылышыңыз керек, антпесе аны калыбына келтирүү мүмкүн эмес – алдын ала төлөө кечиктирилгендиктен, анын аракети автоматтык түрдө токтотулат.

***Эгерде мен келишимсиз / жарандык-укуктук келишимсиз (ГПХ) иштесем, Эмгек кодекси (мындан ары – ЭК) боюнча өз укуктарымды кантип коргоого болот??***

***Имеет ли право работодатель не заключать со мной письменный трудовой договор?***

Учурда өз күчүнө ээ мыйзамдарга ылайык, ар кандай ишкана, жеке ишкер, жеке адам өз кызматкерлери менен эмгек келишимин түзүүгө милдеттүү. Эгерде эмгек мамилеси бар болсо, бирок келишим түзүлбөсө же эмгек мамилесин камтыган ГПХ келишими түзүлгөн болсо, анда Сиз сотко кайрылсаңыз болот, ал эми иш берүүчү жоопко тартылышы мүмкүн (жеке ишкерлерге жазапул 5 миңден 10 миң рублга чейин, уюмдар үчүн – 50 миңден 100 миң рублга чейин).

***Эгерде келишим түзүлбөсө, жумушчулар үчүн кандай жоопкерчилик каралган?***

Жумушчулар үчүн эч кадай жоопкерчилик каралган эмес.

***Эмгек келишими түзүлбөсө, иштегенимди сотто кантип далилдей алам?***

Жазуу жүзүндө түзүлбөгөн келишим, эгер Сиз жумуш берүүчүнүн же анын өкүлүнүн тапшырмасы менен жумушка орношконуңуз аныкталса, ошондой эле жумуш берүүчү жумуштун башталышы жөнүндө билип, ага тоскоолдук кылбаса, түзүлгөн деп эсептелет. Мындай учурларда келишим түзүлгөн күн Сиздин иш жүзүндө кабыл алынган күнүңүз болот.

Сотто иштин чыныгы аткарылышынан башка эч нерсени далилдөөнүн кажети жок. Жумуш берүүчү эмгек мамилесинин жоктугун далилдөөгө милдеттүү.

Күбөнүн көрсөтмөсүн, аудио жана видео жазууларды далил катары колдонсо болот.

***Жумуш берүүчү эмгек келишиминде ички эмгек графигинин эрежелерин (эмгек акылар, сыйлык акылар, алмашуу, эргүү графиги ж.б.) белгилеген эмес. Бул мыйзамдуубу?***

Эгерде бул жоболор ишкана тарабынан кабыл алынган жергиликтүү ченемдик укуктук актыларда жөнгө салынса, мыйзамдуу. Эгерде иш берүүчү жергиликтүү актыларды же стандарттык келишимди колдонбосо, анда бул сотко кайрылууга негиз боло алат.

***Жумуш берүүчү (ЖК) бир тараптуу түрдө эмгек келишиминин шарттарын өзгөрттү (жеңилдиктер жокко чыгарылды, эмгек тартиби өзгөрүлдү, эмгек акынын өлчөмү кайра каралды). Эмне кылуу керек?***

Мыйзамдар жеке ишкерлерге эмгек келишиминин шарттарын бир тараптуу өзгөртүүгө тыюу салбайт.

• Жумуш берүүчү Сиздин жумуш милдетиңерди бир тараптуу карап чыгууга укуктуу эмес;

• Эмгек акы тутумун уюштуруу жана технологиялык иштөө шарттары өзгөргөндө гана өзгөртүүгө болот.

Эгерде жогорудагы шарттар бузулган болсо, анда Сиз сотко кайрылсаңыз болот.

***Бир тараптуу негизде эмгек келишимин өзгөрткөн жеке иш берүүчүнү сотко бере аламбы?***

Жок, жеке ишкерлер болуп эсептелбеген жеке адамдар келишимди себепсиз эле өзгөртүүгө укуктуу. Мындай аракеттерди сот аркылуу чечүү мүмкүн эмес.

***Жеке ишкердин ишмердүүлүгү токтотулгандыгынын негизинде мени жумуштан кетиришти, бирок жеке ишкер ишин улантууда. Мен аны сотко бере аламбы?***

Жеке ишкер ишмердүүлүгүн токтоткондон кийин бардык кызматкерлерди жумуштан кетире алат. Эгерде жеке ишкер өзүнүн ишин токтоткон көрүнүштү гана жаратса, анда эмгек келишимин бузуу сот тартибинде талашылышы мүмкүн.

Иштин токтотулгандыгы төмөнкүлөр менен тастыкталат:

• Соода түйүндөрүнүн жабылуусу;

• Өндүрүш ишмердүүлүгүнүн жоюулушу;

• Ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө лицензияны узартуудан баш тартылышы ж.б.

***Жеке ишкерди / чакан ишкананы / жеке адамды кантип сотко берүү мүмкүн?***

Мындай жумуш берүүчүлөргө дооматтар Сиз уккан же укугуңуздун бузулгандыгы жөнүндө билген күндөн тартып 3 айдын ичинде берилиши мүмкүн:

•Сиздин жашаган жериңиз боюнча жалпы юрисдикциядагы сотко;

• жумуш берүүчүнүн жайгашкан жери боюнча;

• эмгек келишими аткарылган жеринде (эгер келишимде аткарыла турган жер көрсөтүлгөн болсо).

Иш берүүчүдөн эмгек акыны өндүрүү боюнча доолор боюнча сотко кайрылуу мөөнөтү 1 жыл.

***Арыз берүүнүн акыркы мөөнөтүн өткөрүп жиберсем эмне болот?***

***Белгиленген мөөнөттү жүйөлүү себеп менен өткөрүп жибердиңизби (оору, табигый кырсык, жакын туугандарга кам көрүү, иш сапар, туура эмес сотко коюлган доо менен адашып кайрылуу ж.б.)?***

***Ооба.***

Доо арызды берүү мөөнөттөрүн калыбына келтирүү мүмкүн.

***Жок.***

Доо арыз берүү мөөнөтүн калыбына келтирүү мүмкүн эмес.

***Кайсы чет элдик жаран Россияда жеке ишкерлик менен алектене алат?***

***Мен башка мамлекеттин жаранымын. Жеке ишкер катары катталсам болобу?***

***Сиз кайсы мамлекеттен келдиңиз?***

***Армения, Беларусь, Казахстан, Кыргызстан***

– Жеке ишкер катары катталсаңыз болот.

***Башка мамлекеттерден***

– Жеке ишкер катары каттала албайсыз.

***Катталуу үчүн эмне керек?***

Каттоо акысыз жана «Менин салыгым» тиркемеси аркылуу жүргүзүлөт. Каттоодон өтүү үчүн Сизге ИНН керек жана Федералдык салык кызматынын сайтындагы салык төлөөчүнүн жеке эсебине кирүү мүмкүнчүлүгү керек.

Тартип төмөнкүдөй:

• Салык кызматына кайрылып, Россиянын ИННин тариздеп, жеке кабинетиңизге кирүү мүмкүнчүлүгүн алыңыз;

• Телефонго «Менин салыгым» тиркемесин жүктөп алыңыз;

• Салык төлөөчүнүн жеке эсебинен логинди жана паролду колдонуп, арызга катталыңыз.

Каттоо дароо жүргүзүлөт.

***Жеке ишкер катары мен кандай салыктарды төлөшүм керек?***

Учурдагы мыйзамдарга ылайык, Россия Федерациясында өз алдынча иштегендер кесиптик кирешесине салык төлөшөт (мындан ары – ККС):

• 4% – эгерде алар жеке адамдарга кызмат көрсөтүшсө;

• 6% – эгерде алар юридикалык жактарга кызмат көрсөтүшсө.

Каттоодо Сиз 10 000 рубль өлчөмүндө салыктык жеңилдиктерди аласыз, ал акырындык менен сарпталат: адегенде жеңилдетилген тарифтер менен төлөйсүз: жеке жактарга кызмат көрсөтүү үчүн 3% жана юридикалык жактар үчүн 4%, ал эми чегерүү бүткөндөн кийин, стандарттык чен боюнча төлөөгө өтөсүз.

***Жеке ишкер катары кайсы тармакта иштесем болот?***

Төмөнкүлөрдөн тышкары ар кандай иш-аракеттерди жасай аласыз:

• Акциздик товарларды сатуу (алкоголь, тамеки ж.б.);

• Товарларды кайра сатуу (Сиз жеке муктаждыктарыңыз үчүн пайдаланган товарлардан тышкары);

• Пайдалуу кендерди казып алуу жана сатуу;

• Үчүнчү жактын кызыкчылыгы үчүн комиссиялык келишим же агенттик келишим боюнча иштөө;

• Төлөмдөрдү кабыл алуу менен байланышкан товарларды үчүнчү жактардын кызыкчылыгы үчүн жеткирүү (текшерүү-кассалык машиналарды колдонуудан тышкары).

Башка уюмдар:

• Жеке ишкердүүлүк жылына 2,4 миллион рублдан ашкан кирешеге жайылтылбайт;

• Кызматкерлерди жалдоо менен байланышкан ишмердүүлүккө карата колдонулбайт;

• Жумушка орношууда алынган киреше боюнча жеке ишмердүүлүк салыгын төлөй албөйсүз, Сиз иштеген же жалданган компания же жеке ишкер менен кызматташууга болбойт (эмгек келишими бузулган учурдан тартып, кызматташтык башталганга чейин кеминде 2 жыл өтүшү керек).

***Жеке ишкер отчет тапшырып, кассасы болушу керекпи?***

Жок, отчет берилбейт жана кассанын кереги жок.

***Мен жеке ишкер катары пенсиялык төгүмдөрдү төлөөгө милдеттүүмүнбү?***

Жок, алар милдеттүү эмес, бирок жеке ишкерлер үчүн ыктыярдуу камсыздандыруу тутуму бар.

***Жумушсуздук боюнча жөлөкпулду жана аймактык компенсацияны алууга мүмкүнбү / кантип алууга болот?***

***Мен чет мамлекеттин жумушсуз жаранымын. Жумушсуздук боюнча жөлөкпулду кантип алсам болот?***

***Жумушка орноштуруу кызматында каттоодо турасызбы?***

***Ооба.***

***Сиз Россия Федерациясында жашап туруу укугу (мындан ары ЖТУ) негизинде жашайсызбы?***

***Ооба.***

Жумушсуздук боюнча жөлөкпул алуу үчүн кайрылууда, ФМС жашап туруу укугун жана Россия Федерациясында мыйзамдуу болуу укугуңузду жокко чыгарууга укуктуу. ФЗ–115 Федералдык мыйзамына ылайык, эгерде Сиз үй-бүлөңүздү жашаган аймакта жашоо минимумунан төмөн эмес деңгээлде камсыз кыла албасаңыз, анда ФМСтин органдары жашап туруу укугу жөнүндө мурун берилген документти жокко чыгарууга укуктуу.

***Сиз Россия Федерациясында жашап туруу укугунун (мындан ары ЖТУ) негизинде жашайсызбы?***

***Жок.***

***Сиз Россия Федерациясында Убактылуу жашоо уруксатынын (мындан ары – УЖУ) негизинде жашайсызбы?***

***Ооба.***

Жумушсуздук боюнча жөлөкпулду каттоо убактылуу жашоо уруксатын узартуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. ФЗ–115 Федералдык мыйзамына ылайык, ФМС

убактылуу жашоо уруксаты берилгенден кийин бир жыл иштебегениңиз жана кирешеңиз үй-бүлөнү жашоо минимумунун деңгээлинде камсыз кылбаган шартта, мурун берилген убактылуу жашоо уруксатын жокко чыгарат.

*Жок.*

Сиз жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуусуз. Анын өлчөмү акыркы 3 айдагы иштеген орточо айлык кирешесинин пайызы менен белгиленет.

Эгер Сизде иш тажрыйбасы жана стажыңыз жок болсо, анда Сизге айына 850 рубль өлчөмүндө минималдуу жөлөкпул дайындалат.

2020-жылы жумушсуздук боюнча жөлөкпулдун максималдуу суммасы – айына 4900 рубль.

***Сиз жумушка орноштуруу кызматында каттоодо турасызбы?***

*Жок.*

Жумушсуздук боюнча жөлөкпул дайындоо үчүн, Калкты иш менен камсыз кылуу борборуна катталуу керек.

***Аймактык компенсацияны ала аламбы?***

Аймактык компенсациялык төлөм 2020-жылдын 1-апрелинен 2020-жылдын 30-сентябрына чейин төлөнгөн.

***Калкты иш менен камсыз кылуу борборуна (мындан ары КИКК) кантип катталсам болот?***

Сиз:

• Эмгекке жарамдуу деп таанылгансыз;

• Жумуш берүүчү менен эмгек китепчеңиздеги жазуунун негизинде жарактуу эмгек мамилелериңиз жок;

• Жеке ишкер катары ЕГРде (РОсреестр) катталган эмессизби?

*Ооба.*

Сиз Калкты иш менен камсыз кылуу борборунда катталсаңыз болот. Бул үчүн жашаган жери боюнча Калкты иш менен камсыз кылуу кызматынын аймактык бөлүмүнө төмөнкү иш кагаздар менен кайрылышыңыз керек:

• чет элдик жарандын паспорту;

• УЖУ же ЖТУ;

• эмгек китепчеси;

• Милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу тутумунда каттоону тастыктаган (эгер бар болсо) СНИЛС;

• орто билими жөнүндө күбөлүк;

• атайын орто / техникалык / жогорку билим жөнүндө диплом.

Чет тилинде түзүлгөн бардык документтер орус тилине которулушу керек.

*Жок.*

Бул талаптар Калкты иш менен камсыз кылуу борборунда катталуу үчүн милдеттүү болуп саналат.

***Качан жумушсуз катары каттоого тура алам?***

Сиз Калкты иш менен камсыз кылуу борборуна кайрылган күнү жумушсуз катары катталасыз. Реестрде жүргөндө, жумуш издөө жана окутуу кызматынын тейлөөлөрүн пайдалана аласыз.

***Мен катталгандан кийин эмне болот?***

Билим берүү, тажрыйба, кесипкөйлүк адистикке ылайык Калкты иш менен камсыз кылуу борбору Сиз үчүн бош орундарды тандайт, андан кийин Сизге жазуу жүзүндө маектешүүгө жолдомо берет. Эгерде потенциалдуу жумуш берүүчү менен сүйлөшүүлөр ийгиликтүү болсо, анда Сиз жумушка орношо аласыз (эмгек келишимин түзөсүз), андан кийин сиз Калкты иш менен камсыз кылуу борборунун реестринен автоматтык түрдө чыгарыласыз.

Эгерде Сизде жашап туруу укугу жана убактылуу жашоого уруксат болбосо, анда жумушсуздук боюнча жөлөк пул алуу үчүн кайрылсаңыз болот.

## *Эмгек маселелерин жөнгө салган мыйзамдар*

Жумушка орношууда чет элдик жаранга: улуттук паспорт, СНИЛС, эмгек китепчеси же ЭИЖМ (эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат) керек.

Эмгек китепчеси жок чет өлкөлүк жаран эмгек китепчесин анын талабы боюнча тариздеп алышы керек. СНИЛС жогорку кесипкөй адамдардан башкасынын баарына керек. Эгерде СНИЛС жок болсо, анда чет өлкөлүк жаранды Россиянын пенсиондук фондунда каттоодон өткөрүү талап кылынат (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренеси).

Визасыз чет өлкөлүктөр патентке ээ болушу жана аны көрсөтүшү керек. Убактылуу жашап турууга уруксаты же жашап туруу укугу бар чет өлкөлүктөр, ошондой эле Беларуссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Арменияның жарандары үчүн керек эмес. Жогорку кесипкөй же виза менен чет өлкөлүктөр үчүн патенттин ордуна иштөөгө уруксат тариздөө керек.

Өз эрки менен медициналык камсыздандыруу (ДМС) полиси Беларуссиянын жарандарынан жана убактылуу жашоого уруксаты бар же жашап туруу укугу бар чет өлкөлүктөрдөн тышкары бардык адамдарда болушу керек (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренеси).

3 жумушчу күндөн кечиктирбестен, Ички иштер министрлигине эмгек келишими түзүлгөндүгү жөнүндө билдирүү жөнөтүү керек. Аны толтурганда, Сизге миграциялык карта жана чет өлкөлүктүн келгендиги жөнүндө билдирүүнүн ажыратылуучу бөлүгү керек болот. Чет элдик жаран ишке орношууда, Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65 жана 327.3-беренелерине ылайык, жумуш берүүчүгө, атап айтканда, төмөнкү документтерди көрсөтүшү керек:

1) паспорт же башка инсандыгын ырастоочу документ (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту);

2) эмгек келишими биринчи жолу түзүлгөн учурду кошпогондо, эмгек китепчеси жана (же) эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгү, 66.1-беренеси, абз. 3).

Мындай учурда жумуш берүүчү эмгек китепчесин түзөт. Россия Федерациясынын Эмгек кодексине, башка федералдык мыйзамдарга ылайык (РФ Эмгек кодексинин 65-беренесинин 4-бөлүгү) расмий түрдө тариздеген учурлар өзгөчө учур болуп саналат;

3) жеке (персоналдаштырылган) бухгалтердик эсеп тутумунда катталгандыгын тастыктаган документ, анын ичинде электрондук документ түрүндө (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгү, абз. 4, айрым учурларды кошпогондо;

4) аскердик документтер – федералдык мыйзамдарда, Россия Федерациясынын эл аралык келишимдеринде, Россия Федерациясынын Президентинин жарлыктарында, Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн токтомдорунда белгиленген учурларда гана (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 3-бөлүгү);

5) билими жана (же) адистиги же атайын билимдин болушу жөнүндө документ – жумушка орношууда атайын билимди же атайын даярдоону талап кылган (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгү, абз. 6);

6) соттуулуктун бар экендиги (жоктугу) жана (же) жазык куугунтугу фактысы же актоо негиздери боюнча жазык куугунтугу токтотулгандыгы жөнүндө маалымкат. Мындай күбөлүк жумушка орношкондо берилет, Россия Федерациясынын Эмгек кодексине ылайык, башка федералдык мыйзамдарда соттуулугу бар же болгон, болгон

же кылмыш жоопкерчилигине тартылган же тартылбаган (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгү, абз.7) адамдарды жумушка кабыл алууга тыюу салынат.

7) Россия Федерациясынын аймагында жарактуу ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу келишими (полиси). Бул Россия Федерациясында убактылуу жүргөн чет өлкөлүк жарандарды жумушка алууда милдеттүү.

Бул документти көрсөтүү талап кылынбайт, эгерде иш берүүчү медициналык уюм менен чет өлкөлүк жумушчуга акы төлөнүүчү медициналык кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим түзсө, ошондой эле Россия Федерациясынын федералдык мыйзамдарында же эл аралык келишимдеринде каралган башка учурларда. Бул Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацында, № 115-ФЗ Мыйзамынын 13-беренесинин 10-пунктунда каралган.

Россиянын Эмгек министрлигинин маалыматы боюнча, эмгек келишимин түзүүдө чет өлкөлүк жаран тарабынан берилген ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисинин колдонуу мөөнөтү, жок дегенде, эмгек келишиминин мөөнөтү менен дал болушу керек (2016-жылдын 26-сентябрындагы № 16-4 / В-465 Каты). Ошол эле учурда, Катта, мисалы, чет өлкөлүк жаран менен белгисиз мөөнөткө эмгек келишими түзүлүп, ал эми полисинин мөөнөтү өтүп кетсе, эмне кылуу кerektиги белгисиз. Ушундай кырдаалда, Россиянын Эмгек министрлигине кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу үчүн кайрылууну сунуштайбыз;

8) иштөөгө уруксат же патент (Россия Федерациясынын федералдык мыйзамдарында же эл аралык келишимдеринде белгиленген учурларды кошпогондо) – Россия Федерациясында убактылуу жүргөн чет өлкөлүк жаранды жумушка алууда (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 1-бөлүгү, абз. 3).

Жумушка уруксат эмгек келишимин түзгөндөн кийин берилиши мүмкүн, эгерде ал ушул уруксат берилген документтердин тизмесине киргизилген болсо (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 2-бөлүгү). Мындай кырдаал, мисалы, жогорку кесипкөй адиске иштөөгө уруксат берген учурда болот (№ 115-ФЗ Мыйзамынын 13.2-беренесинин 6-пунктунун 2-пунктчасы). Бул учурда, эмгек келишими жумушка уруксат алган күндөн эрте эмес күчүнө кирет (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 2-бөлүгү);

9) Россия Федерациясында убактылуу жашоого уруксат – Россия Федерациясында убактылуу жашаган чет өлкөлүк жаранды жумушка алууда Россия Федерациясынын федералдык мыйзамдарында же эл аралык келишимдеринде өзгөчө учурлар каралышы мүмкүн (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 1-бөлүгү, абз. 4);

10) жашап туруу укугу – Россия Федерациясында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жаранды жумушка орноштурууда. Өзгөчө учурлар Россия Федерациясынын федералдык мыйзамдары же эл аралык келишимдери менен белгилениши мүмкүн (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 1-бөлүгү, абз. 5).

Айрым учурларда иштин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, Россия Федерациясынын Эмгек кодекси, башка федералдык мыйзамдар, Россия Федерациясынын Президентинин жарлыктары жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн токтомдору менен эмгек келишимин түзүүдө кошумча документтерди тапшыруу керек (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 65-беренесинин 2-бөлүгү), мисалы, жарым-жартылай жумушка орношкондо негизги иш ордунун мүнөзү жана эмгек шарттары жөнүндө маалымкат, эгерде ал зыяндуу жана (же) кооптуу эмгек

шарттары (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 283-беренеси) менен байланышкан болсо .

Эгерде чет өлкөлүк жаран катышкан кесиптик ишмердүүлүк атайын билимди, атайын даярдыкты талап кылса, анда чет өлкөлүк адам билими жана (же) адистиги же атайын билими жөнүндө документтерин көрсөтүшү керек (Россия Федерациясынын Эмгек кодексинин 327.3-беренесинин 1-б. абз. 1.,327.1-беренесинин 1-б., 65-беренсинин 1-б., абз. 6)

